# Бактылуу балык Плэк-Плок



Автор: Нгуон Сакал

Сүрөтчү: Сенг Визаль

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бактылуу балык Плэк-Плок

Автор: Нгуон Сакал
Сүрөтчү: Сенг Визаль
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Plek Plok the Lucky Fish*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бактылуу балык Плэк-Плок" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Нгуон Сакал, сүрөтчү Сенг Визаль, Pratham Books ©2013 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyw eaver.org.in/stories/38073-plek-plok-the-lucky-little-fish

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Плэк-Плок аттуу кичинекей балык деңиздин тайыз жеринде апасы менен сүзүп жүргөн.

– Апа, жүрүңүз, тереңди көздөй сүзүп барабыз, – деди Плэк-Плок.



– Сен күчтүү суучул болом десең, машыгышың керек, – деп Эне Балык баласына кеңешин айтты. – Алгач суунун тайыз жеринде жакшы сүзгөндү үйрөнүш керек. Андан кийин гана тереңирээк сүзсөң болот.




– Апа, мен тереңде ойногум келип жатат. Карачы, бардык балыктар ал жакта жыргап жүрүшөт! – деди эриккен Плэк-Плок.

Бирок апасы башын чайкап гана тим болду.




– Апа! Мен чын эле терең сууда ойногум келип жатат! – деп кыйкырды Плэк-Плок.

– Жок, Плэк-Плок! Терең сууда ойногонго болбойт. Сен үчүн ал жер азырынча абдан коркунучтуу. Бул жакта эле машыга бергениң оң, – деди апасы.



Таарынган Плэк-Плок апасынын артынан сүзүп келе берди.



Плэк-Плок башка балыктардын тереңде жыргап ойноп жатканын карап, капаланып турду.

– Мен сүзгөндү жакшы эле үйрөндүм. Эми терең жерге бара берсем болот, – деп чечти ал өзүнчө.




Апасы башка балыкка алагды болуп калган кезде, Плэк-Плок тездик менен ылдый карай сүзүп жөнөдү.


Плэк-Плок үчүн бардыгы укмуштуудай сонун сезилип жатты.



Плэк-Плок улам тереңдей берди, тереңдей берди. Ал өзүнүн жаңы ачылыштарына аябай толкунданып алган болчу.




Плэк-Плок алыстан таң каларлык бир нерсе көрдү. "Кызык, бул эмне болгон кара тоо?" – деп ойлоп, жакын сүзүп келүүнү чечти.



Капыстан "кара тоо" каардуу көздөрүн ачты. Плэк-Плоктун жүрөгү түшүп калды!

– Жардам бергиле! Жардам бергиле! – деп кыйкырган бойдон бул коркунучтуу жерден тезирээк кетип калууга ашыкты. Ал алынын жетишинче тез сүзгөнгө аракеттенди.

Көрсө, "кара тоо" килейген балык экен. Чоң балык уйкусун бузгандыгы үчүн Плэк-Плокко ачуусу келиптир.





Плэк-Плок куугундан кутулуу
үчүн жан үрөп качып, сүзүп келатты.



Плэк-Плок эки таштын ортосундагы кичинекей жылчыкты көрдү. Ал ушул жерге жашынып калууга аракет кылды.



Чоң балык Плэк-Плокко узун тумшугу, коркунучтуу куйругу менен жетүүгө аракет кылды. Бирок ал кичинекей балыкты кармай албай койду.



Чоң балыктын кетип калайын деген ою жок.

Ал күчтүү куйругу менен таштын алдындагы сууну чайпалтып көрдү.





Толкун аябай күчтүү болгондуктан, Плэк-Плокту жашырынган жеринен ачыкка чыгарды.

Плэк-Плок аябай чарчап калды.




Мынакей чоң балык оозун араандай ачып, Плэк-Плокту жутуп жиберүүгө даяр болду.

Ал айласы куруп:


– АПААА! – деп кыйкырды Плэк-Плок.



Аңгыча кайдан-жайдан апасы пайда болду. Ал азуусун арсайткан кара балыктын оозунан Плэк-Плокту шамдагайлык менен илип кетти.



– Плэк-Плок, бул дүйнө ушунчалык чоң жана кооз. Акылдуу жана күчтүү болуу үчүн убакыт керек. Ушунун баарын үйрөнгөндөн кийин гана бул дүйнөдө өз алдынча жашап кете аласың, – деди апасы.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Нгуон Сакал
Сүрөтчү: Сенг Визаль
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли